**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Кыргыз Республикасынын территориясында санариптик тахографтар системасында ачкычтарды, сертификаттарды жана жабдууларды башкаруу боюнча жобону бекитүү жөнүндөгү буйругунун долбооруна**

**МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ**

**1. Максаты жана милдеттери.**

Долбоордун максаты “1970-жылдын 1-июлундагы Женева ш. түзүлгөн Эл аралык автомобилдик ташууларды жүргүзүүчү транспорт каражаттарынын экипаждарынын ишине тиешелүү Европа макулдашуусунун (мындан ары –ТКЕМ макулдашуусу) жана Кыргыз Республикасынын “Автомобиль транспорту жөнүндө” Мыйзамынын 7-беренесинин талаптарын аткаруу, ошондой эле ЕАЭБдин алкагындагы милдеттерди аткаруу, атап айтканда, Бажы бirимдигинин “Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө” Техникалык регламентинин М2 жана М3 категориясындагы коммерциялык жүргүнчү ташуучу, N2 жана N3 категориясындагы коммерциялык жүк ташуучу транспорттук каражаттарын айдоочулардын кыймыл, эмгек жана эс алуу режимин контролдоочу түзүлүш (тахограф) менен жабдуу боюнча талаптарын аткаруу болуп саналат.

Кыргыз Республикасы эки жылдык өткөөл мезгил менен Европа макулдашуусуна (ТКЕМ) кошулду (КР 2021-жылдын 22-майындагы №68 Мыйзамы). 51 мамлекет Европа макуладшуусунун катышуучулары болуп саналат, анын ичинде Евразия экономикалык биримдигинин мүчө-мамлекеттери: Армения Республикасы, Беларусь Республикасы, Казакстан Республикасы, Россия Федерациясы.

Европа макулдашуусунун (ТКЕМ) максаты эл аралык жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташууну өнүктүрүү жана жакшыртуу, айдоочулардын эмгек жана эс алуу убактысын жөнгө салуу жолу менен жол коопсуздугун жогорулатуу болуп саналат.

Транспорт каражаттарын тахографтар менен жабдуу жана аны колдонуу процессин регламенттештирүү объективдүү контролдоо менен айдоочуларга коюлган эмгек, эс алуу жана ылдамдык режимдерин сактоону камсыз кылуунун эсебинен автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу коопсуздугун, ошондой эле автомбиль транспортунун жалпы эффективдүү жана туруктуу иштешин жогорулатууга алып келет. Статистика боюнча тахографтарды киргизүү чоң жүкташуучу техникалар катышкан жолдогу унаа кырсыгын 20 % га азайтат.

**2. Сүрөттөп жазуу бөлүгү.**

Транспорт каражаттарын тахографтар менен жабдуунун зарылчылыгы төмөндөгүлөргө шартталган. Белгилүү болгондой, автомобиль транспорту жогорку кооптуулуктун булагы болуп саналат.

Автотранспорт каражаттарынын санынын жыл сайын көбөйүшүнө, жүк жана жүргүнчү ташуунун көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу жолдогу унаа кырсыгы (ЖУК) көбөйүүдө.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо Башкы башкармалыгынын маалыматы боюнча 2019-жылы 5995 жолдогу унаа кырсыгы (ЖУК) болгон, 2018-жылга салыштырганда 11,1 % га көбөйгөн. ЖУКтун жыйынтыгында 2019- жылы 759 киши курман болгон, , же 2018-жылга салыштырмалуу 6,0 % га көп болгон (2018-ж – 716 киши). 10315 адам жаракат алган, (2018-жылы 9160 адам), же жаракат алгандардын саны 12,6 % га өскөн. Белгилей кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын автожолдорунда өлгөндөр жана жаракат алгандар боюнча көрсөткүч (100 миң калкка) ОЭСР өлкөлөрүнүн ортосунда эң жогорку болуп саналат.

Бардык ЖУКтун 70% дан ашыгы транспорт каражаттарынын айдоочуларынын күнөөсүнөн болот. 2019-жылы болгон ЖУКтун жалпы санынын 205 кырсыгы жүргүнчү транспортунун айдоочуларынын күнөөсүнөн болуп, 2018-жылга салыштырганда 9,7% га көбөйгөн (2018-ж. – 200 кырсык).

Айдоочулардын эмгек жана эс алуу режимин контролдоо жаатындагы эл аралык тажрыйбаны үйрөнүү төмөндөгүлөрдү көрсөттү.

ЖУК боюнча дүйнөлүк статистикага ылайык бардык жол кырсыгынын жарымынан көбү айдоочулардын чарчаганына байланыштуу болот. Изилдөө көрсөткөндөй, айдоочунун чарчоосу транспортту башкаруудагы төртүнчү-бешинчи саатта билинип, 6-8 саатта айкын сезилет. Эгерде айдоочу ролдо 7 ден 12 саатка чейин болсо, ЖУКна дуушар болуу мүмкүнчүлүгү, 7 сааттан аз болгон иш күнүнө караганда, эки эсеге жогорулайт.

Кыргыз Республикасы Европа макулдашуусуна (ТКЕМ) 2021-жылдын 24-августунда кошулган.

Европа макулдашуусунун (ТКЕМ) 14-беренесинин 5-пункттуна ылайык, “ушул берененин 4-пункттунда аталган сегизинчи ратификациялоо же кошулуу жөнүндөгү документти сактоого берилгенден кийин ушул Макулдашууну ратификациялаган же ага кошулган ар бир мамлекетке карата бул Макулдашууга ал мамлекет өзүнүн ратфикациялык грамотасын же кошулуу жөнүндө актын сактоого берген күндөн баштап жүз сексен күн өткөндөн кийин күчүнө кирет”.

Ошону менен, Бириккен Улуттар Уюмунун расмий сайтынын маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасынын Европа макулдашуусуна (ТКЕМ) кошулуусу жөнүндө грамота БУУнун Башкы катчысы тарабынан 2021-жылдын 24-августунда алынган, ошондой эле Европа макулдашуусу (ТКЕМ) Кыргыз Республикасы үчүн эки жылдык өткөөл мезгилди кошпогондо 2022-жылдын 20-февралында күчүнө кирген.

Макулдашууну жүзөгө ашыруу максатында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-сентябрындагы № 516 «Автотранспорт каражаттарын айдоочулардын

эмгек жана эс алуу режимин каттоочу контролдук түзүлүш (тахограф) менен жабдуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому кабыл алынды.

Кийинки этапта Европанын башкы сертификаттоо органынын стратегиясынын негизинде ТКЕМ макулдашуусуна мүчө мамлекеттердин аймагында санариптик тахограф тутумундагы ачкычтарды, сертификаттарды жана жабдууларды башкарууну жөнгшө салуучу коопсуздук саясатын иштеп чыгуу зарыл жана улуттук коопсуздук стратегиясынын моделин Бириккен изилдөө борборуна БУУнун ЕЭК аркылуу жактырууга жөнөтүү керек.

Көрсөтүлгөн Жобо ТКЕМ макулдашуусунун жоболорунун негизинде иштелип чыккан жана төмөнкү маселелерди регламенттештирет:

- Кыргыз Республикасынын ТКЕМ макулдашуусу боюнча компетенттүү органынын жана картаны чыгаруучу органдын милдеттери жөнүндө;
- ачкычтарды сертификатоо боюнча органдын, персоналдаштыруу боюнча органдын, КР ТКЕМ макулдашуусу боюнча компетенттүү органынын жана картаны чыгаруу боюнча органынын жоопкерчиликтери жөнүндө;
- жабдууларды башкаруу (тахограф карталары, борттук түзүлүштөр – транспорт каражаттарынын жана кыймыл датчиктеринин модулдары);
- жалпы (түпкү) жана транспорттук ачкычтарды башкаруу боюнча: - жалпыевропалык ачкычтар, ТКЕМ макулдашуусунун макулдашкан таратарынын ачкычтары (улуттук ачкычтар), кыймыл датчиктеринин ачкычтары, трасрпорттук ачкычтар (которуу үчүн ачкычтар);
- жабдуулардын ачкычтары (ассиметриялык) боюнча;
- жабдуулардын ачкычтарынын сертификаттарын башкаруу боюнча;
- ачкычтарды сертификаттоо боюнча улуттук органда жана картаны персоналдаштыруу боюнча органда коопсуздук маалыматын башкаруу боюнча;
- Кыргы Республикасынын ачкычтарды сертификаттоо боюнча органыын жана персоналдаштыруу боюнча органдын милдеттерин аткаруу мөөнөтторү жөнүндө;
- аудит жөнүндө;
- ушул жобону өзгөртүү жол-жобосу жөнүндө.

Жогорудагылардын негизинде, БУУнун ЕЭК нын ТКЕМ макулдашуусун өз убагында жүзөгө ашыруу талаптарын аткаруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы № 530 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык Кыргыз республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2022-жылдын 11 ноябрындагы № 400 буйругу менен Кыргыз Республикасынын территориясында санариптик тахографтар системасында ачкычтарды, сертификаттарды

жана жабдууларды башкаруу боюнча жобо бекитилген, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине кирген.

Электрондук (санариптик) тахографтарга карточкаларды даярдоо үчүн улуттук ачкытарды алуу максатында аталган Жобо Европа комиссисынын Биргелешкен изилдөө борборунун кароосуна жана жактыруусуна жөнөтүлгөн. Кароонун жыйынтыгы менен Жобого сын-пикирлер жана сунуштар берилди.

Оңой кабыл алуу үчүн бул Жобо жаңы редакцияда иштелип чыкты жана Европа комиссиясынын Биргелешкен изилдөө борбору менен макулдашылды. Жобо Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин буйругу менен бекитилип, Кыргыз Республикасынын территориясында санариптик тахографтар системасында ачкычтарды, сертификаттарды жана жабдууларды башкаруу боюнча жобону бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2022-жылдын 11-ноябрындагы № 400 буйругу күчүн жоготту деп таанылат.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-сентябрындагы №504 токтому менен бекитилген ченемдик укуктук актылардын ишкердик субъекттеринин ишине жөнгө салуучу таасирин талдоо жүргүзүү методикасына ылайык, эл аралык стандарттарга (макулдашууларга) ылайык келтирүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлору болгон учурларда жөнгө салуучу таасирине талдоо жүргүзүү талап кылынбайт.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кедергилер.**

Бул долбоорду кабыл алуу негативдүү, социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кедергилерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун натыйжалары жөнүндө маалымат.**

**С**унуш кылынган Министрликтин буйругунун долбоору КР Транспорт жана жол министрлигинин расмий сайтында 2023-жылдын 4-августунда коомдук талкууга коюлган.

**5. Долбоордун мыйзамга ылайык келүүсүн талдоо.**

Улуттук жана эл аралык мыйзамдардын иштеп турган ченемдерине жүргүзүлгөн талдоонун натыйжасы боюнча сунуш кылынган долбоорунун ченемдери иштеп турган ченемдик укуктук актыларга каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы жөнүндө маалымат.**

Буйруктун долбоору долбоору республикалык бюджеттен кошумча каржылоону талап кылбайт.

**7. Регулятивдик таасир этүүнү талдоо жөнүндө маалымат (РТТ).**

Буйруктун долбоору эл аралык долбоорду аткарууга жана эл аралык стандарттарга (макулдашууларга) ылайык келтирүүгө багытталгандыгына байланыштуу РТТ өткөрүү талап кылынбайт.

**Министрдин**
**биринчи орун басары** **Т. Солтобаев**